2-тиркеме

**Кыргыз Республикасында 2019-2023-жылдарга "жашыл" экономиканы өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча**
**ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы № 349 токтомунун редакциясына ылайык)*

| № | Милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| **I. Туруктуу табигый экосистемалар** | | | | | |
| 1 | Табигый экосистемага келтирилген жүктү жөнгө салуу | Жаратылышты сактоочу технологияларды киргизүүдө ишканаларга түрткү берген жөнгө салуучу механизмдерди киргизүү боюнча талдоо жүргүзүү жана сунуштамаларды иштеп чыгуу | 2023-жылдын III кварталы | Туюк цикли менен жаратылышты сактоочу технологияларга түрткү берүүчү механизмдерди киргизүү боюнча сунуштамалар иштелип чыкты | ЭКМ, ЖРЭТКМ |
| | | Айлана-чөйрөнү коргоо жана биологиялык түрдүүлүктү сактоо маселелерин региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүү пландарына киргизүү | 2023-жылдын II кварталы | Социалдык-экономикалык өнүктүрүү пландарына айлана-чөйрөнү коргоо жана биологиялык түрдүүлүктү сактоо маселелери киргизилди ЭКМ, ЖРЭТКМ | |
| | | Ресурс үнөмдөөчү жана аз калдыктуу моделдерди жана технологияларды киргизүү мүмкүндүгү боюнча кен казуу секторунда кырдаалга талдоо жүргүзүү | 2022-жылдын III кварталы | Кен казуу тармагынын курчап турган чөйрөгө терс таасиринин көлөмүн азайтуу боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн аналитикалык документ даярдалды | ЖРЭТКМ, ЭКМ |
| | | Биологиялык түрдүүлүктү каржылоо планынын алкагында бекитилген каржылоо механизмдерин киргизүү | 2022-жылдын IV кварталы | Биологиялык түрдүүлүктү каржылоонун жаңы жана өркүндөтүлгөн механизмдерине ылайык биологиялык | ЖРЭТКМ, ЭКМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | түрдүүлүктү түз жана кыйыр каржылоонун негиздери бекемделди | |
| | | Эскирген пестициддердин кампаларында жана эки көрүстөндө жер кыртышын рекультивациялоо жана экологиялык жактан коопсуз Ыкма менен эскирген пестициддерди жана ПХДны жок кылуу маселелери боюнча долбоордук сунуштарды даярдоо жана илгерилетүү | 2022-жылдын IV кварталы | Химиялык булгануу тобокелдиктерин төмөндөтүүгө багытталган долбоордук сунуштар даярдалды жана долбоорлор ишке киргизилди | ЖРЭТКМ, АЧМ |
| 2 | Табигый жаратылыш чөйрөсүн сактоо жана калыбына келтирүү | Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында, аларды түзүү жана туруктуу иштешин камсыз кылуу өзгөчөлүгүн эске алуу менен натыйжалуу менеджменттин механизмин иштеп чыгуу | 2023-жылдын IV кварталы | ӨКЖА кирешелерин жогорулатуу үчүн бизнес пландоону эске алуу менен ӨКЖА. башкаруунун илимий негизделген пландары иштелип чыкты | ЖРЭТКМ, макулдашуу боюнча: УИА, ЖӨБО |
| | | Бардык коруктарды инвентаризациялоо жана алардын статусун кайра карап чыгуу | 2023-жылдын III кварталы | Коруктарды инвентаризациялоо жүргүзүлдү, учурдагы абалын баалоо жана каттоо өткөрүлдү | ЖРЭТКМ, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | Ак илбирсти жана анын экосистемасын сактоо | 2023-жылдын IV кварталы | Борбордук Тянь-Шандын ландшафтын башкаруу планынын иш-чаралары жүзөгө ашырылууда (2018-2027-жж.) | ЖРЭТКМ |
| | | Кызыл китепке кирген жаныбарларды коргоо үчүн Ош облусунда өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын уюштуруу | 2022-жылдын IV кварталы | Ош облусунда ӨКЖА уюштуруу боюнча долбоордук материалдар жана негиздемелер иштелип чыкты жана ЧУА кабыл алуу үчүн КРМК жиберилди | ЖРЭТКМ, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | Кыргыз Республикасында деградацияга учураган жерлерди этабы менен калыбына. келтирүү боюнча программаны иштеп чыгуу жана бекитүү | 2022-жылдын IV кварталы | Кыргыз Республикасында деградацияга учураган жерлерди этабы менен калыбына келтирүү боюнча программаны бекитүү жөнүндө КРМК чечими кабыл алынды | АЧМ, ЖРЭТКМ |
| | | Экосистеманын сактоо жана | 2023- | Жергиликтүү кеңештердин жайыттарды | АЧМ, ЖӨБО |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | деградациясын төмөндөтүү үчүн жайыт жерлерин орун которуштуруп пайдаланууну киргизүү (деградацияга учураган жайыттарды консервациялоо) | жылдын IV кварталы | консервациялоо жөнүндө чечимдери кабыл алынды. Аларды ишке ашыруунун мониторинги жүргүзүлүүдө | (макулдашуу боюнча) |
| 3 | Экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрдү туруктуу пайдалануу | Экосистемалык мүмкүнчүлүктөрдү жана пайдаларды эске алуу менен жаратылышты пайдалануу ченемдерин иштеп чыгуу жана бекитүү | 2023-жылдын IV кварталы | УИА Окумуштуулар кеңеши тарабынан жаратылышты пайдалануунун ченемдери бекитилди | ЖРЭТКМ, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | Экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрдү экономикалык жактан баалоонун методикасын иштеп чыгуу жана бекитүү | 2023-жылдын IV кварталы | Методиканы бекитүү тууралуу КРМК чечими кабыл алынды | ЖРЭТКМ, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | Биологиялык түрдүүлүктү сактоодо ландшафттык ыкманы илгерилетүү, жер жана токой ресурстарын туруктуу башкаруу | 2022-жылдын IV кварталы | "Тиричилик кылуунун туруктуу каражаттарын колдоо үчүн глобалдык маанилүү түрдүүлүктү жана аны менен байланышкан Батыш Тянь-Шандын жер жана токой ресурстарын сактоо" долбоору ишке ашырылды | ЖРЭТКМ, АЧМ, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | 1130 га аянтка токой өсүмдүктөрүн жана плантацияларын отургузуу | 2023-жылдын IV кварталы | 1130 га аянтка токой өсүмдүктөрү жана плантациялар отургузулду | АЧМ |
| | | 500 миң даана тез өсүүчү породадан көчөт материалдарын өстүрүү | 2023-жылдын IV кварталы | 500 миң даана тез өсүүчү породадан көчөт материалдары өстүрүлдү | АЧМ |
| 4 | Пландоонун жана өнүктүрүү процессинин жүрүшүндө экосистемалардын жана биологиялык түрдүүлүктүн баалуулуктарын эсепке алууну камсыз кылуу | Токойлордун улуттук инвентаризациялоосун жүргүзүү (талаа жана камералык жумуштар) | 2023-жылдын IV кварталы | Токойлордун улуттук инвентаризациялоосунун натыйжаларын бекитүү тууралуу КРМК чечими кабыл алынды | АЧМ |
| | | Токой ресурстарын эсепке алуу системаларын ишке киргизүү | 2023-жылдын IV кварталы | ЖЭЭС токой эсептери иштелип чыкты жана улуттук эсепке алуу системасына киргизилди (токой секторунун ички дүң продуктуга кошкон салымы аныкталды | УСК (макулдашуу боюнча), АЧМ |
| | | Жапайы жаныбарлардын байкоого | 2023- | Жапайы жаныбарларга мониторингдин | ЖРЭТКМ, УИА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | алынган түрлөрү боюнча эсепке алуучу, кадастрдык жана мониторингдик жумуштардын маселелери боюнча нускамалык-методикалык материалдарды өркүндөтүү | жылдын IV кварталы | сапаты жакшырды, жапайы жаныбарлардын байкоого алынган түрлөрү кеңейтилди | (макулдашуу боюнча) |
| | | Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын мамлекеттик кадастрын иштеп чыгуу | 2022-жылдын IV кварталы | Аймактардын статусу жөнүндө, алардын географиялык абалы, чек аралары, өзгөчө корголуучу аймактардын режими, экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо ж.б. тууралуу маалыматтарды камтыган ӨКЖА жөнүндө маалыматтар системага салынды | ЖРЭТКМ |
| | | Токойлорду башкаруунун маалыматтык системасын түзүү | 2023-жылдын II кварталы | Токой ресурстары боюнча маалымат системага салынды, токой чарбаларынын маалыматтарын онлайн берүү жана онлайн отчет беришинин ачык-айкындыгы камсыз кылынды | АЧМ |
| 5 | Калктын экологиялык маданиятын жана биологиялык түрлөргө карата аяр мамилесин калыптандыруу | Биотүрдүүлүктүн баалуулугу жөнүндө, биотүрдүүлүктү сактоо жана туруктуу пайдалануу боюнча маалыматтарды таратуу, маалыматтык кампанияларды өткөрүү (буклеттерди, плакаттарды, китепчелерди ж.б. иштеп чыгуу) | 2023-жылдын IV кварталы | Маалыматтык материалдар жарыяланды (буклеттер, баракчалар, плакаттар, календарлар) | ЖРЭТКМ, министрликтер жана ведомстволор, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | Туруктуу өнүктүрүү үчүн билим берүү концепциясы менен байланышкан биотүрдүүлүктү сактоо жана анын баалуулугунун тематикасы боюнча программаларды иштеп чыгуу жана билим берүүнүн улуттук окуу программаларына киргизүү | 2022-жылдын IV кварталы | Биотүрдүүлүк тематикасы боюнча программалар БИМ буйругу менен бекитилди | БИМ, ЖРЭТКМ |
| | | Биологиялык түрдүүлүктү сактоо жана туруктуу пайдалануу маселелери | 2023-жылдын IV | Пресс-конференциялар, пресс-турлар, сүрөт көргөзмөлөрү өткөрүлдү (жылына | ЖРЭТКМ, АЧМ, УИА (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | боюнча (өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында, токой чарбаларында, аңчылык чарбаларында) пресс-конференцияларды, пресс- турларды, сүрөт көргөзмөлөрүн уюштуруу жана өткөрүү | кварталы | 1 иш-чарадан кем эмес) | |
| | | Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын экологиялык туристтик чыйырларды иштеп чыгуу жана жайгаштыруу | 2023-жылдын IV кварталы | Экологиялык чыйырлар (5тен кем эмес), туристтик маршруттар жана маалыматтык камсыздоо иштелип чыкты | ЖРЭТКМ, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында экологиялык маалыматтык борборлорду/музейлерди жана башка объекттерди түзүү жана иштешин камсыз кылуу | 2023-жылдын IV кварталы | ӨКЖАда экологиялык маалыматтык борборлор/музейлер түзүлдү жана иштеп жатат (2ден кем эмес) | ЖРЭТКМ |
| 6 | Климаттын өзгөрүүсүнө карата адаптациялоо боюнча чараларды көрүү үчүн институттук негиздерди камсыз кылуу | Климаттын өзгөрүү маселелери боюнча улуттук саясатты калыптандыруу | 2022-жылдын IV кварталы | Климаттын өзгөрүүсүнө карата адаптациялоо боюнча стратегиялык документ иштелип чыкты жана бекитилди | ЖРЭТКМ, ЭКМ, АЧМ |
| | | Климаттын өзгөрүүсүнө карата адаптациялоо боюнча сектордук программаларды иштеп чыгуу жана экономиканын секторлорунун чабалдыгына талдоо жүргүзүү | 2022-жылдын IV кварталы | Өзгөчө кырдаалдар, айыл жана суу чарбасы, токой жана биотүрдүүлүк, саламаттык сактоо сыяктуу багыттар боюнча климаттын өзгөрүүлөрүнө карата адаптациялоо боюнча талдоо жүргүзүлдү жана сунуштамалар иштелип чыкты | ЖРЭТКМ, ӨКМ, АЧМ, ССМ |
| | | Климаттын өзгөрүшү тууралуу БУУнун Алкактык конвенциясы боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук билдирүүсүн даярдоо | 2022-жылдын IV кварталы | Парник газдарынын чыгууларын инвентаризациялоо, климаттын өзгөрүшүнө баалоо жана болжолдоо жүргүзүлдү | ЖРЭТКМ, министрликтер жана ведомстволор |
| | | Климаттын өзгөрүшү боюнча статистикалык индикаторлордун | 2023-жылдын IV | Климаттын өзгөрүшү боюнча улуттук көрсөткүчтөрдүн жыйындысы иштелип | УСК (макулдашуу боюнча), ЖРЭТКМ, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жыйындысын киргизүү | кварталы | чыкты | ЭКМ, ЭМ, ӨКМ, АЧМ |
| | | Климаттын өзгөрүү маселелери боюнча маалыматтык кампанияларды өткөрүү | Дайыма | Климаттын өзгөрүү маселелери боюнча коомдун маалымдуулугу жогорулады | ЖРЭТКМ, министрликтер жана ведомстволор |
| | | Климаттын өзгөрүшү жаатындагы программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууга финансы ресурстарын тартуу | 2023-жылдын IV кварталы | Климаттын өзгөрүшүнө карата адаптациялоо боюнча инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн финансы ресурстарын тартуу боюнча долбоордук сунуштар иштелип чыкты | ЖРЭТКМ, ЭКМ министрликтер жана ведомстволор |
| | | Парник газдарынын чыгышына мониторинг, отчеттуулук жана верификация системаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2023-жылдын IV кварталы | Парник газдарынын чыгышына мониторинг жана эсепке алуу системасы киргизилди | ЖРЭТКМ, УИА (макулдашуу боюнча), министрликтер жана ведомстволор |
| **II. Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары** | | | | | |
| **1. "Жашыл" энергетика** | | | | | |
| 7 | Энергетика секторунун абалын баалоо жана мониторинг жүргүзүү системасын өркүндөтүү | Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү прогрессине мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасын энергетикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрүн жана "жашыл" экономиканын(1) башка зарыл индикаторлорун эске алуу менен ТӨМ индикаторлору менен жаңылоо | 2022-жылдын IV кварталы | КРМК чечими менен Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү прогрессине мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасына өзгөртүүлөр киргизилди | УСК (макулдашуу боюнча) |
| | | Ири чарбалык субъекттердин, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун милдеттүү ар жылдык ачык (эл алдында) отчет беришинин бирдиктүү формасын жана практикасын иштеп чыгуу жана бекитүү | 2023-жылдын IV кварталы | Кыргыз Республикасынын чарба субъекттеринин энергияны үнөмдөө жана энергиянын натыйжалуулугу боюнча ачык (эл алдында) статистикалык отчет беришинин бирдиктүү формасы КРМК чечими бекитилди | ЭМ, ЭКМ, Курулуш агенттиги |
| 8 | Энергетикалык саясатты | Ыйгарым укуктуу жана жөнгө салуучу | 2022- | Энергетика жана электр энергетикасы | ЭМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | өркүндөтүү | органдардын, тармактык уюмдардын жана отун энергетикалык комплексинин башка субъекттеринин ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин так аныктоо менен ченемдик укуктук базага өзгөртүүлөрдү киргизүү | жылдын IV кварталы | жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилди | |
| 9 | ОЭК секторунун ишинин ачыктыгын жогорулатуу жана энергетикалык компаниялардын чыгымсыз иштөөсүн камсыз кылуу | Энергетикалык секторду өнүктүрүү жана жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы жана пландары жөнүндө маалыматтарды, энергияны үнөмдөө жана ЭКБ киргизүү жаатында сунуштамаларды жарыялоо | Жарым жылдын жыйынтыгы боюнча | Энергетикалык сектордун абалы жөнүндө ЖМКда энергетика жаатында квартал сайын жарыяланып туруучу отчет | ЭМ |
| | | Жеткирүүчүлөрдүн сапаттуу энергия жана газ берүү боюнча милдеттенмелерин жана жоопкерчиликтерин, ошондой эле керектөөчүлөрдүн укуктарын жана милдеттерин эске алуу менен энергия берүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн коомдук келишимдерин кайра иштеп чыгуу | 2022-жылдын IV кварталы | Электр энергиясын, жылуулук энергиясын жана газды керектөөчүлөрдүн жана берүүчүлөрдүн коомдук келишимдеринин жакшыртылган формаларын бекитүү | ЭМ |
| 10 | Энергияны керектөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу | 2022-2026-жылдарга КРда энергияны үнөмдөө боюнча программанын долбоорун иштеп чыгуу жана бекитүү | 2022-жылдын IV кварталы | 2022-2026-жылдарга КРда энергияны үнөмдөө боюнча программа иштелип чыкты жана бекитилди | ЭМ, Курулуш агенттиги, ЭКМ |
| | | Мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик секторлордо энергосервистик компанияларды ишке киргизүүгө жана ишине түрткү берүүгө укуктук негиздерди түзүү үчүн ЧУАларды талдоо, мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү жана мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгуу | 2023-жылдын IV кварталы | КР мыйзамдарына (анын ичинде "Энергияны үнөмдөө жөнүндө" КРнын Мыйзамына) жана мыйзам алдындагы актыларга мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик секторлордогу энергосервистик компаниялардын ишине түрткү берүү үчүн өзгөртүүлөр киргизилди | ЭМ |
| | | Турак жай-коммуналдык чарба, | 2022- | Мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилди, | Курулуш агенттиги, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | коммерция, өнөр жай, айыл чарба секторлорунда сууну натыйжалуу керектөөгө түрткү берүү чаралары боюнча окуп үйрөнүү жана сунуштамаларды иштеп чыгуу | жылдын IV кварталы | сууну натыйжалуу керектөөгө экономикалык түрткү берүү жөнүндө жобо кабыл алынды | АЧМ |
| 11 | Имараттардын энергиялык натыйжалуулугун жогорулатуу | Энергетикалык сертификаттоодон өткөн имараттардын мамлекеттик реестрин түзүү | 2022-жылдын IV кварталы | Энергетикалык сертификаттоодон өткөн имараттардын мамлекеттин реестри белгиленген тартипте жүргүзүлүүдө | Курулуш агенттиги, ЭМ, ЭЭИИИ, макулдашуу боюнча: ЖӨБО, жеке менчик компаниялар |
| | | Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине капиталдык ондоолорду жүргүзүү боюнча топтолмо фонддорго милдеттүү төлөмдөр жөнүндө ченемдерди караштырган өзгөртүүлөрдү киргизүү | 2023-жылдын. I кварталы | КР Турак жай кодексине өзгөртүүлөр киргизилди | Курулуш агенттиги, ЭКМ |
| | | Капиталдык ондоону, энергияны үнөмдөөчү долбоорлорду жана иш-чараларды ишке ашырууга зайымдарды алуу, ошондой эле имараттардын энергоаудитин жана энергетикалык сертификациялоо жол-жоболорун субсидиялоо механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2023-жылдын II кварталы | Капиталдык ондоону, энергияны үнөмдөөчү долбоорлорду жана иш-чараларды ишке ашырууга зайымдарды алуу; имараттардын энерго-аудитин жана энергетикалык сертификациялоо жол-жоболорун субсидиялоо механизмдери иштелип чыкты жана КРМК киргизилди | Курулуш агенттиги |
| | | Типтүү коомдук имараттардын, турак жай-коммуналдык чарбалардын, өнөр жай ишканаларынын пилоттук энергоаудитин өткөрүү жана өзүн-өзү актоо эсептери менен энергокеректөөнү төмөндөтүү жана энергонатыйжалуулукту арттыруу боюнча типтүү чараларды иштеп чыгуу.ISO 50001 негизинде | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Өзүн-өзү актоо эсептери менен энергокеректөөнү төмөндөтүү жана энергонатыйжалуулукгу арттыруу боюнча типтүү чараларды иштеп чыгуу боюнча долбоор ишке ашырылды. ISO 50001 негизинде энергоменеджмент системасынын модели иштелип чыкты | Курулуш агенттиги, ЭМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | энергоменеджмент системасынын моделин иштеп чыгуу | | | |
| | | Турак жай үйлөрдү, муниципалдык имараттарды эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө маселелери боюнча мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу | 2023-жылдын I кварталы | Мыйзам алдындагы актылар иштелип чыкты жана бекитилди. Натыйжалуу эксплуатациялоонун жана техникалык тейлөөнүн заманбап системасы түзүлдү. ISO 50001 негизинде энергоменеджмент системасы ишке киргизилди | Курулуш агенттиги, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), КРП ЫУӨ |
| | | Мамлекеттик жана муниципалдык турак жай көзөмөлүнүн системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2022-жылдын III кварталы | Мамлекеттик жана муниципалдык турак жай көзөмөлүнүн системасы түзүлдү | Курулуш агенттиги |
| | | Социалдык объекттер жана имараттар үчүн капиталдык оңдоо боюнча техникалык чечимдерди иштеп чыгуу жана бекитүү | 2023-жылдын IV кварталы | Социалдык объекттер жана имараттар үчүн капиталдык оңдоо боюнча техникалык чечимдер бекитилди жана Курулуш агенттигинин сайтында жайгаштырылды | Курулуш агенттиги, Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча) |
| | | ЭКБ потенциалын жана өлкөнүн региондору боюнча ЭКБны ишке киргизүүнүн экономикалык максатка ылайыктуулугун изилдөө. Тармакты тейлөөгө чыгымдарды, берүү жана бөлүштүрүү тармактарындагы жоготууларды, зарыл болгон бөлүштүрүлгөн генерациялоочу кубаттуулуктарды, ЭКБ потенциалын талдоо жана КРнын райондор боюнча энергия менен оптималдуу камсыз кылуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу | 2023-жылдын IV кварталы | ЭКБ объекттерин жайгаштыруунун интерактивдүү карталарын иштеп чыгуу менен региондор боюнча геомаалыматтык база түзүлдү | ЭМ, ЖРЭТКМ, макулдашуу боюнча: УИА, эл аралык уюмдар |
| | | Энергонатыйжалуулук фондун түзүү | 2022-жылдын IV кварталы | Имараттардын энергонатыйжалуулугунун деңгээлин жогорулатуу боюнча чараларды жүзөгө ашыруу үчүн шарттар түзүлдү | Курулуш агенттиги |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 12 | Акыркы энергия керектөөнүн жалпы көлөмүндө энергиянын кайра жаралуучу булактарынын үлүшүн көбөйтүү | Өлкөнүн региондорунун аймактарында чакан гидроэлектрстанцияларын жана башка ЭКБ объекттерин курууга жергиликтүү жана чет өлкөлүк инвесторлорду жана зайымдык каражаттарды тартуу | 2022-жылдын IV кварталы | ЭКБнын белгиленген кубаттуулуктары 50 МВт ашуун көбөйтүлдү. 2040-жылга карата электр энергиясын жалпы иштеп чыгуудан ЭКБ үлүшү 10%га чейин көбөйтүлдү | ЭМ, ИУА (макулдашуу боюнча), ТИМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | ЭКБ, энергияны үнөмдөө жана энергонатыйжалуулук жаатындагы изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды гранттык негизде колдоо үчүн эл аралык фонддор тарабынан каржылоо боюнча сунуштарды даярдоо | 2023-жылдын IV кварталы | Энергияны үнөмдөө жана энергонатыйжалуулук боюнча чараларды киргизүү үчүн эл аралык финансылык агымдардын көлөмү көбөйтүлдү | ЖРЭТКМ, ЭМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| 13 | Калктын энергияны үнөмдөө жана энергиянын кайра жаралуучу булактары тууралуу кабардар болушун жогорулатуу | Энергияны үнөмдөө боюнча мамлекеттик кызматчылар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн методикалык материалдарды, мектеп окуучулары жана студенттер үчүн маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу | 2022-жылдын IV кварталы - туруктуу негизде | Энергияны үнөмдөө, ЭКБ жана "жашыл" экономика боюнча стандарттуу окутуу материалдары иштелип чыкты | БИМ, ЭМ, ЭКМ |
| | | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу пландарына энергияны үнөмдөө маселелерин камтуу | 2023-жылдын I кварталы - туруктуу негизде | Энергияны үнөмдөө боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кабардар болушу жогорулатылды | КРПМБА (макулдашуу боюнча), ЭМ |
| **2. "Жашыл" айыл чарбасы** | | | | | |
| 14 | Талаптагыдай пландоо жолу менен агрардык сектордо жер жана суу ресурстарын туруктуу башкарууга жетишүү | Берилген өтүнмөлөргө ылайык андан ары айыл чарба багытындагы жерлердин маалыматтар банкын түзүү менен айдоо жерлеринин кыртыштарында азыктандыруучу заттардын камтуусуна агрохимиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү | 2022-жылдын IV кварталы | Төмөнкүдөй сунуштамалар даярдалды:<br>- агрохимиялык жана мелиорациялык жумуштарды аткарууга долбоорлоо-технологиялык документтер боюнча;<br>- жер иштетүүдө азыктандыруучу заттардын балансын жөнгө салуу үчүн минералдык жана органикалык жер | АЧМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | семирткичтерди колдонуу боюнча.<br>Кыртыштык-агрохимиялык изилдөөлөрдүн негизинде:<br>- кыртыштын күрдүүлүгүн сактоону жана жогорулатууну контролдоо системасы өркүндөтүлдү;<br>- туруктуу мониторинг системасы калыптандырылды жана айыл чарба багытындагы жерлердин кыртышынын күрдүүлүгүнүн маалыматтар банкы түзүлдү | |
| | | Айыл чарба жерлеринин кыртышынын күрдүүлүгүн баалоо жана контролдоо программаларын жана долбоорлорун түзүү үчүн райондор боюнча кыртыш карталарын түзүү | 2023-жылдын IV кварталы | Райондор боюнча кыртыш карталары түзүлдү | АЧМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) |
| | | Мобилдик тиркеме аркылуу сайтка фермерлердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу менен АЧМ сайтында жайгаштыруу аркылуу кыртышты талдоо жүргүзүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу | 2022-жылдын III кварталы | Кыртышты талдоо боюнча сунуштамалар иштелип чыкты жана АЧМ сайтында жайгаштырылды. Фермерлер бул сунуштамаларды АЧМ сайты жана мобилдик тиркеме аркылуу кеңири колдонууда | АЧМ |
| | | Жер семирткичтер жана аларды берүүчүлөр боюнча сунуштарды жаңыртуу жана системалаштыруу, жана алардын тизмесин АЧМ веб-сайтына жайгаштыруу | 2022-жылдын III кварталы | Жер семирткичтерди сарамжалдуу пайдалануу жана жер семирткичтерди берүүчүлөр боюнча сунуштар жаңыланып, системалаштырылды. Сунуштар АЧМ сайтында жайгаштырылды. Фермерлер бул сунуштамаларды АЧМ сайты жана мобилдик тиркеме аркылуу кеңири колдонууда | АЧМ |
| | | АЧМ үчүн чакан автобустун платформасында көчмө кыртыштык- | 2023-жылдын I | Алынган көчмө кыртыштык-агрохимиялык станция, график боюнча | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | агрохимиялык станция сатып алуу | кварталы | райондорду кыдырып, Ош жана Жалал-Абад облустарынын фермерлерине жер участогунун бонитетинин баллы, кыртыштын агрохимиялык курамы тууралуу жеринде корутунду чыгарып берет жанамындай жерге кандай өсүмдүктү отургузуу пайдалуу, кыртышка кайсы органикалык жер семирткичтер талап кылынаары тууралуу сунуштамаларды берет, бул органикалык жер иштетүүнүн өнүгүшүнө жагымдуу таасирин тийгизет | боюнча) |
| | | Дыйкан (фермердик) чарбалардын жерлерине агрохимиялык изилдөөлөрдү өз убагында жүргүзүү үчүн "Кыргызмамжердолбоорлоо" МДИнин алдындагы эки кыртыштык-агрохимиялык станцияны капиталдык оңдоо жана заманбап жабдуулар менен камсыздоо | 2023-жылдын III кварталы | Оңдоо иштери жүргүзүлдү жана кыртыштык-агрохимиялык станциялар жабдылды | АЧМ |
| | | Климаттын өзгөрүшүнө карата адаптациялоо боюнча экосистемалык ыкманын методологиясын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2023-жылдын IV кварталы | Иштеп чыккан методология ТӨМдү аткарууга өбөлгө түзөт жана саясаты менен стратегияны иштеп чыгуунун форматын камсыз кылат | ЖРЭТКМ, АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Жайыттардын мониторингинин, анын ичинде жайыттарда зыян жана уулуу өсүмдүктөргө каршы күрөшүү механизмин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | 2022-жылдын IV кварталы | Сарамжалдуу пайдалануу үчүн жайыттардын абалы жөнүндө маалымат базасы түзүлдү | АЧМ, ЖПБ (макулдашуу боюнча) |
| | | Жайыттардын абалын жакшыртуу менен жайыт чарбаларын башкаруунун сектордук программасын иштеп чыгуу | 2022-жылдын IV кварталы | Программа иштелип чыкты | АЧМ, ЖПБ (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Жер кыртышынын касиетине, өскөн чөптүн курамына жана аны пайдалануу ыкмасына жараша жер семирткичтердин натыйжалуу ченемдери, түрлөрү, формалары жана колдонуу технологиялары боюнча сунуштарды иштеп чыгуу | 2022-жылдын III кварталы | Жер семирткичтерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча сунуштамалар иштелип чыгат | АЧМ |
| | | Жайыт жерлеринин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча пилоттук программаларды жүргүзүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Пилоттук ЖПБ экме жайыттарды түздү, алардын базасында туруктуу иштөөчү тренингдер өткөрүлүүдө | АЧМ, ЖПБ (макулдашуу боюнча) |
| | | Жалпы республиканын масштабында жайыттарды инвентаризациялоо жана инвентаризациялоонун натыйжаларына жетүүнү камсыз кылуу | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Жайыттар инвентаризацияланды жана маалымат базасы түзүлдү | АЧМ, макулдашуу боюнча: ЖПБ, эл аралык уюмдар |
| | | Асыл тукум малды зоотехникалык талаптарга ылайык эсепке алууну тартипке келтирүү | 2022-жылдын IV кварталы | Асыл тукум мал башынын саны көбөйтүлдү | АЧМ, ЖПБ (макулдашуу боюнча) |
| | | Жер ресурстарынын накталай түрдөгү активдерин эсепке алуу системасын пилоттоштуруу | 2023-жылдын IV кварталы | Жер ресурстары боюнча маалыматтарды чогултуу системасын өркүндөтүү | АЧМ, макулдашуу боюнча: УСК, ЖӨБО |
| | | Бодо малды жана кой-эчкилерди байлап кармоонун каржылоо механизмин иштеп чыгуу | 2022-жылдын IV кварталы | Бодо малды жана кой-эчкилерди байлап кармоонун каржылоо механизмдери иштелип чыкты | АЧМ, ЖПБ (макулдашуу боюнча) |
| | | Жайыттардын деградацияга учураган участокторун кыскартууга багытталган иш-чараларды жүргүзүү | Туруктуу негизде | Жайыттар сарамжалдуу пайдаланылууда. Жайыттардын деградацияга учуроосу азайды. Ыйгарым укуктуу органдардын иши | АЧМ, ЖПБ (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жакшыртылды | |
| | | 18 суу чарба объекти боюнча долбоордук-изилдөө иштерин аткаруу | 2022-жылдын III кварталы | Долбоордук-сметалык документтер, техникалык экономикалык негиздеме жана техникалык экономикалык эсептөөлөр даярдалды | АЧМ |
| | | 18 суу чарба объектинде жер, курулуш-монтаждоо иштерин аткаруу | 2022-жылдын III кварталы | 5875 гектар жаңы сугат жерлери өздөштүрүлдү. 26000 гектар аянтта жерлер мелиорациялык жактан жакшыртылды | АЧМ |
| | | Гидротехникалык курулмаларды жыл сайын текшерүү | 2022-жылдын IV кварталы | Текшерүү актысы. Ондоо иштерин жүргүзүүгө смета | АЧМ |
| | | Суунун жоготууларын азайтуу үчүн гидротехникалык курулмалардын учурдагы жана капиталдык ондоолорун жүргүзүү | 2023-жылдын IV кварталы | Сууну жоготуулар 55%га чейин азайтылды. Суу чарба объекттеринин вегетациялык мезгилге даярдыгы жыл сайын 100%дан кем эмес | АЧМ |
| 15 | Органикалык айыл чарбанын рыногун өнүктүрүү | Органикалык айыл чарбаны өнүктүрүү боюнча программанын долбоорун иштеп чыгуу | 2022-жылдын III кварталы | Органикалык айыл чарбаны өнүктүрүү боюнча программа иштелип чыкты | АЧМ |
| | | Органикалык айыл чарба өндүрүшү үчүн аянттарды кеңейтүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Органикалык айыл чарба өндүрүшү үчүн жыл сайын аянттардын күтүлүүчү көбөйүшү- 100 га. Жер кыртышынын абалы жакшыртылды, органикалык айыл чарба азыктарынын экспортун көбөйтүүнүн эсебинен фермерлердин кирешелери өстү, "жашыл" жумушчу орундар түзүлдү | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Органикалык продукцияны сертификаттоонун заманбап лабораторияларын түзүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV | Эл аралык стандарттарга жооп берген заманбап лабораториялары менен органикалык продукцияны сертификаттоо боюнча орган түзүлдү | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | кварталы | | |
| | | Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан лабораторияларды заманбап жабдуулар менен камсыздоо, аларды эл аралык аккредитациядан өткөн, фермерлерге жеткиликтүү жана органикалык продуктулардын кардарларына ишенимдүү заманбап лабораторияларга айландыруу | 2023-жылдын IV кварталы | Иштеп жаткан лабораториялар заманбап жабдуулар менен камсыздалды. Бул лабораториялар эл аралык аккредитациядан өттү. Лабораториялар фермерлерге жана агрокомпанияларга арзан баада кызмат көрсөтүүдө | АЧМ, ФМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Соода-логистикалык борборлорду түзүү үчүн инвестицияларды тартуу | 2022-жылдын IV кварталы | Логистикалык борборлордун курулушу башталды | АЧМ, ТИМ, ИУА (макулдашуу боюнча), КРПЫУӨ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Органикалык жер семирткичтерди чыгаруу боюнча заводдун курулушуна инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү | 2022-жылдын III кварталы | Органикалык жер семирткичтерди чыгаруу үчүн инвестициялар тартылды, химиялык жер семирткичтерди колдонуу азайды | АЧМ, ИУА (макулдашуу боюнча), КРПЫУӨ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| 16 | Өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу жана өндүрүштүк факторлорду натыйжалуу пайдалануу үчүн заманбап технологияларды өнүктүрүү жана ишке киргизүү | Айыл чарбасындагы ресурсту үнөмдөөчү жана ресурстук натыйжалуу технологиялар боюнча окууларды өткөрүү | 2022-жылдын III кварталы | Окуулар өткөрүлдү | АЧМ, КУАУ (макулдашуу боюнча) |
| | | Лизинг системасын кайра карап чыгуу жана ресурстук натыйжалуу айыл чарба техникасы үчүн ставкаларды төмөндөтүү | 2022-жылдын IV кварталы | Ресурстук натыйжалуу айыл чарба техникасынын жеткиликтүүлүгү жогорулатылды | ФМ, АЧМ, коммерциялык банктар (макулдашуу боюнча) |
| | | Жер жана суу ресурстарына мониторинг жүргүзүү жана маалыматтардын аныктыгын жакшыртуу максатында маалыматтык мейкиндиктин маалымат базасын түзүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын I | Маалыматтык мейкиндиктин маалымат базасы түзүлдү | АЧМ, УИА (макулдашуу боюнча), ЭКМ,ТКМ, ӨКМ (Кыргызгидромет) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | кварталы | | |
| | | Органикалык биогумус өндүрүү үчүн органикалык курттарды колдонуу аркылуу малдын калдыктарын кайра иштетүү технологиясын комплекстүү киргизүү. ЖМК жана социалдык тармактар аркылуу фермерлерге биогумустун пайдасы жөнүндө маалымдоо | 2022-жылдын IV кварталы | Фермерлерге органикалык биогумусту өндүрүү үчүн органикалык курттарды колдонуу аркылуу малдын калдыктарын кайра иштетүү технологиясы жөнүндө маалымдалды | АЧМ, ЭКМ, макулдашуу боюнча: эл аралык уюмдар, бизнес-ассоциациялар |
| | | Биогумустун ири өндүрүүчүлөрүнө фермерлерге курттарды акы төлөнүүчү негизде консолидацияланган түрдө жеткирүүнү жөнгө салууга көмөк көрсөтүү | 2022-жылдын III кварталы | Биогумус өндүрүүчүлөр тармактык бизнес-ассоцияциялардын колдоосу менен фермерлердин арасында биогумусту өндүрүү технологиясын жайылтуу борбору болуп калышат | АЧМ, макулдашуу боюнча: эл аралык уюмдар, бизнес-ассоциациялар |
| | | Бодо малды жана кой-эчкини байлап багуу жана семиртүү үчүн "гидропоникалык" тоютту өстүрүү технологиясын комплекстүү киргизүү. ЖМК жана социалдык тармактар аркылуу фермерлерге биогумустун пайдасы жөнүндө маалымдоо. ЖМК жана социалдык тармактар аркылуу фермерлерге гидропоникада тоют өстүрүү жөнүндө маалымдоо | 2022-жылдын IV кварталы | Фермерлерге бодо малга жана кой-эчкиге гидропоникада тоют өстүрүүнүн технологиясы жөнүндө жакшы маалымдалды | АЧМ, макулдашуу боюнча: эл аралык уюмдар, бизнес-ассоциациялар |
| | | Бодо малды жана кой-эчкини жасалма жол менен уруктандыруу технологияларын комплекстүү киргизүү. Жасалма жол менен уруктандыруу пункттары үчүн сапаттуу үрөн материалын туруктуу жана үзгүлтүксүз жеткирүүнү уюштуруу, үрөн материалын сактоо үчүн ветеринарларды суюк азот менен камсыздоо | 2022-жылдын IV кварталы | Жасалма жол менен уруктандыруу технологияларын комплекстүү киргизүү аркылуу фермерлердин көпчүлүгү бул технологиянын артыкчылыктарын билишет. Жеке ветеринарлар "жасалма жол менен уруктандыруу" адистигине жакшы окутулган жана жер-жерлерде жасалма уруктандырууну кепилденген натыйжа менен | АЧМ, макулдашуу боюнча: эл аралык уюмдар, бизнес-ассоциациялар |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жүргүзүшөт. Бодо малдын жана кой-эчкинин асыл тукум саны өсүүдө | |
| | | Заманбап технологияларды киргизүү боюнча тематикалык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү | 2022-жылдын III квартaлы - 2023-жылдын I кварталы | Изилдөөлөр жүргүзүлдү | АЧМ, макулдашуу боюнча: КУАУ, илим-изилдөө институттары |
| 17 | "Жашыл" айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү | Кийин өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн зарылдыгын аныктоо үчүн "жашыл" экономиканын максаттарына колдонуудагы ченемдердин ылайык келишине карата айыл чарба жаатындагы ЧУАларды инвентаризациялоо | 2022-жылдын III кварталы | Айыл чарба жаатындагы ЧУАлар инвентаризацияланды | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн тиешелүү ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу жана кабыл алуу | 2023-жыддын III кварталы | Органикалык айыл чарба жаатында ЧУАлар кабыл алынды | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | "Өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн органикалык продукцияны өндүрүү эрежелери" стандартын иштеп чыгуу жана бекитүү | 2022-жылдын III кварталы | Стандарт бекитилди | АЧМ, ЭКМ |
| | | "Мал чарбасы үчүн органикалык продукцияны өндүрүү эрежелери" стандартын иштеп чыгуу жана бекитүү | 2022-жылдын IV кварталы | Стандарт бекитилди | АЧМ, ЭКМ |
| | | "Органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүүнү жана кайра иштетүүнү стандартташтыруу эрежелери" стандартын иштеп чыгуу жана бекитүү | 2022-жылдын IV кварталы | Стандарт бекитилди | АЧМ, ЭКМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| 18 | "Жашыл" айыл чарбасын каржылоо | "Жашыл" айыл чарбасын субсидиялоо түрүндө мамлекеттик колдоо көрсөтүү | 2022-жылдын III кварталы - | 'Жашыл" айыл чарбасына өтүүгө мамлекеттик колдоо көрсөтүлдү | АЧМ, ЭКМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2023-жылдын IV кварталы | | |
| | | Органикалык айыл чарбасын инфратүзүмдүк каржылоого инвесторлорду тартуу үчүн долбоордук сунуштарды түзүү | 2023-жылдын IV кварталы | Экиден кем эмес долбоордук сунуш иштелип чыкты | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Мал чарбачылыгына жана өсүмдүк өстүрүүчүлүккө (жашылча- жемиштер) "жашыл" технологияларды киргизүү үчүн жылдык 4%дан жогору эмес пайыздык ставка, мындай кредиттер үчүн күрөөлүк камсыздоо боюнча шарттарды жеңилдетүү менен айыл чарбасын каржылоо боюнча жеңилдетилген кредиттик линияны ачуу | 2023-жылдын I кварталы | Фермердик чарбалар, айыл чарба кооперативдери жана агрокомпаниялар тарабынан "Айыл Банк" ААКтын жана "РСК Банк" ААКтын финансылык продукттары аркылуу айыл чарба өндүрүшү жана кайра иштетүү (мал чарбачылыгы, мөмө-жемиш жана жашылча) чөйрөсүндөгү "жашыл" технологиялар киргизилди | АЧМ, макулдашуу боюнча: "Айыл Банк" ААК, "РСКБанк" ААК |
| | | Баткен, Ысык-Көл жана Чүй облустарында органикалык айыл чарбасы боюнча пилоттук долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2022-жылдын III кварталы | Органикалык айыл чарбасы боюнча экиден кем эмес пилоттук долбоор иштелип чыкты жана ишке киргизилди | АЧМ, макулдашуу боюнча: эл аралык уюмдар, УИА |
| 19 | "Жашыл" айыл чарбасын жүргүзүү методдоруна айылдык товар өндүрүүчүлөрдү окутуу жана маалымдоо аркылуу алардын потенциалын жогорулатуу | Органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү жөнүндө өндүрүүчүлөрдү жана керектөөчүлөрдү үзгүлтүксүз маалымдоо | Туруктуу негизде | Органикалык айыл чарба өндүрүшүнүн артыкчылыктары жөнүндө керектөөчүлөрдүн жана өндүрүүчүлөрдүн маалымдуулук деңгээли жогорулады | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Фермерлерге консультациялык кызматтарды көрсөтүү жана инновациялык агрардык технологияларды, анын ичинде органикалык айыл чарба өндүрүшүн колдонууга окутуу | Туруктуу негизде | Фермерлерге консультациялык кызматтар көрсөтүлдү жана алар инновациялык агрардык технологияларды колдонуу боюнча окутулду.<br>Органикалык айыл чарба өндүрүшү менен алектенген фермердик | АЧМ, макулдашуу боюнча: КУАУ, эл аралык уюмдар |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | чарбалардын иши жакшыртылды | |
| | | Фермердик чарбалар үчүн органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү маселелери боюнча маалыматтык брошюраларды жана жарчыларды чыгаруу жана таратуу | Туруктуу негизде | Фермердик чарбалар үчүн жарчылар жана маалыматтык бюллетендер басып чыгарылды жана таратылды | АЧМ, макулдашуу боюнча: КУАУ, эл аралык уюмдар |
| | | Коомдук телекөрсөтүүдө узактыгы 1 саат форматында "Айыл сааты" берүүсүн ачуу. Ар жума сайын аудитория менен практикалык тажрыйба алмашуу түрүндө жаңы "жашыл" технологияларды жана бул технологияларды ийгиликтүү киргизген бир фермердик чарбанын мисалында мал чарбачылыгында/өсүмдүк өстүрүүчүлүктө жетишкендиктерди көрсөтүү | 2022-жылдын III кварталы | "Айыл сааты" берүүсү аркылуу өлкө боюнча фермерлер жаңы "жашыл" технологияларды көрсөтүү менен практикалык видео-мастер-класс форматында маалымат алышат | АЧМ, макулдашуу боюнча: эл аралык уюмдар, бизнес-ассоциациялар |
| | | Органикалык продукцияны өндүрүүчүлөрдүн жана кайра иштетүүчүлөрдүн реестрин түзүү жана жүргүзүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Каталог түзүлдү жана АЧМ буйругу менен бекитилди | АЧМ, макулдашуу боюнча: УСК, эл аралык уюмдар |
| | | Ош шаарында "жашыл" технологияларды колдонуу менен иштеген же өз чарбаларына ушундай технологияларды киргизүүнү каалаган фермерлерге комплекстүү кызматтарды көрсөтүүчү туруктуу региондук "жашыл" айыл чарба борборун түзүү | 2022-жылдын IV кварталы | Региондук "жашыл" айыл чарба борбору Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарынын фермерлерине фермердик чарбаларда "жашыл" технологияларды киргизүүдө жардам көрсөтүү боюнча туруктуу кызматтарды көрсөтөт | АЧМ, эл аралык уюмдар (макулдашуу боюнча) |
| | | Климаттын өзгөрүшү, жайыттарга таасири жана адаптациялоо чараларынын зарылдыгы маселелери | 2022-жылдын IV кварталы - | Маалыматтык-методикалык материалдар жарыяланды | АЧМ, ЖРЭТКМ, ӨКМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | боюнча республикалык жана региондук басылмаларда, электрондук ЖМКда маалыматтык-методикалык материалдарды жарыялоо | 2023-жылдын IV кварталы | | |
| 20 | Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жана анын терс кесепеттерин жеңилдетүү | Кургакчылыкка жана туздуулукка туруктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жаңы сортторун киргизүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Кургакчылыкка жана туздуулукка туруктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жаңы сорттору айыл чарба өндүрүшүнө киргизилди | АЧМ |
| | | Айыл чарба үчүн климаттын өзгөрүшү жаатындагы маалыматтык жана илимий негиздерди чыңдоо жана өнүктүрүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Айыл чарбасын жүргүзүүдө мобилдик тиркеме аркылуу гидрометеорологиялык маалымат пайдаланылууда | АЧМ, ЖРЭТКМ, ӨКМ |
| | | Айыл чарба секторунда климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча ыкчам жана узак мөөнөттүү чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Климатка туруктуу айыл чарбасы боюнча чаралар ишке ашырылды | АЧМ, ЖРЭТКМ |
| | | Климаттын өзгөрүшүнө жана чектеш проблемаларга байланышкан маселелерди чечүүдө эл аралык коомдоштуктун демилгелерине катышуу | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Айыл чарбасына багытталган климаттын өзгөрүшү маселелери боюнча иш-чараларга катышты | АЧМ, ЖРЭТКМ, ЭКМ, ӨКМ |
| | | Мамлекеттик саясатка ылайык климаттын өзгөрүшүнүн шарттарында жайыттарды башкарууну жана пайдаланууну жакшыртуу боюнча жаңы методдорду киргизүү | 2022-жылдын III кварталы | Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча бөлүм Жайыттарды пайдалануу жана башкаруу боюнча планга киргизилди | АЧМ, ЖПБ (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Республиканын аймагындагы жер көчкү процесстерин изилдөө жана баалоо, ошондой эле жер көчкү процесстери жүрүп кетиши мүмкүн участокторду картага түшүрүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Жер көчкү процесстери боюнча маалыматтар базасы түзүлдү.<br>Жер көчкү процесстери жүрүп кетиши мүмкүн болгон участоктор картага түшүрүлдү.<br>Жер көчкү коркунучу тууралуу маалымат жеткиликтүү | ӨКМ, ЖРЭТКМ, УИА (макулдашуу боюнча) |
| | | Агрометеорологиялык продукцияны чыгарууда пайдалануу үчүн маалыматтык-болжолдоо системасын түзүү | 2023-жылдын IV кварталы | Маалыматтык-болжолдоо системасы түзүлдү | ЖРЭТКМ, ӨКМ, АЧМ |
| | | Жалпы пайдалануу үчүн климаттык продукцияны үзгүлтүксүз негизде чыгаруу | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Республиканын аймагы боюнча климаттык диаграммалар жана климаттык карталар адаптациялоо иш-чараларын жана экономиканын ар кандай секторлорун өнүктүрүү пландарын иштеп чыгууда пайдаланылуу үчүн жеткиликтүү | ЖРЭТКМ, ӨКМ |
| **3. "Жашыл" өнөр жайы** | | | | | |
| 21 | Өнөр жайдын энергия жана суу секторлорунда ресурстарды натыйжалуу пайдалануу боюнча чараларды киргизүү үчүн потенциалды аныктоо | Өнөр жай секторлорунда энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдаланууну көбөйтүүнүн мүмкүн болуучу варианттарын аныктоо | 2023-жылдын III кварталы | Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдаланууну көбөйтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү аныкталды | ЭКМ,ЭМ |
| 22 | Улуттук таза өндүрүш борборун түзүү аркылуу таза өндүрүш жана ресурстардын натыйжалуулугу боюнча чараларды киргизүү | Улуттук таза өндүрүш борборун түзүү | 2023-жылдын IV кварталы | Улуттук таза өндүрүш борбору иштеп баштады | ЭКМ, ЭМ, АЧМ, ЖРЭТКМ |
| **4. Төмөн көмүртектүү жана экологиялык таза транспорт** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 23 | Электр менен жүрүүчү коомдук транспорттун үлүшүн көбөйтүү | Электр менен жүрүүчү 120 жаңы автобусту этабы менен сатып алуу | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Электр менен жүрүүчү коомдук транспорттун үлүшү көбөйдү | Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча) |
| 24 | Бишкек шаарында коомдук транспортту башкаруу системасын өркүндөтүү | Бишкек шаары үчүн реалдуу убакыт режиминде коомдук транспортто датчиктердин жардамы аркылуу геопозицияны аныктоонун жардамы менен коомдук транспорт турган жерге жана тыгындарга байкоо жүргүзүү үчүн маалыматтык сервисти иштеп чыгуу жана киргизүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын III кварталы | Бишкек шаарында жол тыгындарына байкоо жүргүзүү боюнча маалыматтык сервис иштелип чыкты жана ишке киргизилди | Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча) |
| | | Жаңы муниципалдык транспортту этап-этабы менен сатып алуунун жыйынтыктары боюнча Бишкек шаарынын муниципалдык операторлорунун тейлөөсүнө жүргүнчүлөрдүн агымы көбүрөөк болгон маршруттарды өткөрүп берүү | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Кыйла көп талап кылынган жана алыска жүрүүчү маршруттар Бишкек шаарынын муниципалдык операторлору тарабынан тейленүүдө | Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча) |
| | | 8 жылга чейинки чыгарылыштагы микроавтобустардын автопаркын сунуштоону кепилдеген Бишкек шаарындагы жеке менчик операторлор менен узак мөөнөттүү контракттарды түзүүнү камсыздоо | 2022-жылдын III кварталы - 2023-жылдын IV кварталы | Жеке менчик операторлор менен узак мөөнөттүү контракттар түзүлдү. Жеке менчик операторлордун микроавтобустар автопаркы жаңыланды | Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча) |
| | | Бишкек шаарындагы коомдук транспорт үчүн өзүнчө линияларды киргизүү мүмкүнчүлүгү боюнча көчөлөрдү аныктоо маселесин изилдөө | 2022-жылдын III кварталы | Коомдук транспорт үчүн өзүнчө линияларды киргизүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө аналитикалык каттар Бишкек шаарынын кеңешинин кароосуна киргизилди | Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча) |
| 25 | Бишкек жана Ош | Бишкек шаарында электр менен | 2022- | КРМКга төмөнкүлөр киргизилди: | ЭКМ, ЭК, ТКМ, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | шаарларында жана Бишкек - Ош, Бишкек - Каракол жолдорунун бойлорунда электр менен заряддоочу инфратүзүмдү түзүү | заряддоочу инфратүзүмдү ишке киргизүү маселелери боюнча комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүү | жылдын IV кварталы | - Бишкек шаарында электр менен заряддоочу инфратүзүмдү ишке киргизүү маселелер боюнча сунуштар;<br>- шаарды пландаштырууну эске алуу аркылуу электр менен заряддоочу станциялардын жайгашкан жерлеринин схемасы;<br>- электр менен заряддоочу станциялардын минималдык техникалык параметрлери | Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча), Курулуш агенттиги, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) |
